**ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН**
**Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**
**№07/24 протоколу**

2025-ж. 27-март Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 7
Катышпагандар: 0

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

**КҮН ТАРТИБИ:**

| № | Каралуучу маселелер | Жооптуулар | Тиешелүү материалдар |
|---|---|---|---|
| 1 | 2024-2025-окуу жылы үчүн кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу комиссиясынын отчету | Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы | Баяндама, токтом долбоору |
| 2 | Билим берүү сапатынын ички өзүн-өзү баалоо системасынын эффективдүүлүгү жана аны жогорулатуу жолдору | Окуу иштери боюнча проректор | Баяндама, токтом долбоору |
| **3** | Университеттин академиялык репутацияны жогорулатуу жөнүндө | Ректор | Баяндама, токтом долбоору |
| 4 | Ар түрдүү маселелер | | |
| 4.1 | «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналынын редакциялык курамын бекитүү | Илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор | Сунуш, токтом долбоору |
| 4.2 | Эмеректерди жана орг техникаларды сатып алуу тууралуу | Административдик чарба иштери боюнча проректор | Баяндама, токтом долбоору |
| 4.3 | Англис тилин үйрөнүү борборун ачуу жөнүндө | Окуу иштери боюнча проректор | Сунуш, токтом долбоору |

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

**1-маселе боюнча 2024-2025 окуу жылына студенттерди кабыл алуунун жооптуу катчысы окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү:** – “Саламатсыздарбы, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! 2024-2025-

окуу жылы үчүн кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу комиссиясынын отчетун берүүгө уруксат бериңиздер.

2024-2025-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясы төмөнкү курамда иш алып барды:

Төрага: Ректор, Нарбаев М.Р.

Жооптуу катчы: Окуу иштери боюнча проректор, Садырова Н.А.

Комиссия мүчөлөрү:

Шатманова Ч.Т., Чойбекова Н.М.

Күзгү кабыл алууда Дарылоо иши (5 жыл) багытына өтүнмө жөнөтүүлөрдүн саны 64, ал эми окууга кирген студенттердин саны 56 болду.

Алардын ичинен Индиядан – 53 студент, Бангладештен – 1 студент, Пакистандан – 2 студент.

Кабыл алуунун эрежесине ылайык абитуриенттер https://edugate.edu.gov.kg/vuz/login, сайтына катталышып, кирүү сынактарынан өтүштү. Сынак тест түрүндө өттү.

Сынак учурунда эч кандай тартип бузуулар аппеляциялык комиссияга кайрылуулар болгон жок.

2024-2025-окуу жылынын кышкы кабыл алуусу боюнча:

Жалпы өтүнмө берген абитуриенттердин саны 65.

Кабыл алынган студенттердин саны – 46.

Алардын ичинен Индиядан – 42 студент, Бангладештен – 2 студент, Пакистандан – 2 студент.

Жылдын башында кабыл алууга пландалган студенттердин саны төмөнкүдөй болгон

Дарылоо иши (5 жылдык) – 150, Дарылоо иши (6 жылдык) – 20.

Эл аралык аккредитациядан өтүп, биз кабыл алууга даяр болгонго чейин жергиликтүү студенттердин жогорку окуу жайга тапшырууга мөөнөтү аяктап калгандыктан, жергиликтүү студенттер кабыл алынган жок.

***Сунуш:*** Медициналык факультеттин деканы Астанов Ш.М.: – “Кабыл алууга тиешелүү болгон нормативдик документтерди сайтка жүктөөнү колго алуу зарыл”.

Сунуш кабыл алынды.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

2024-2025-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын отчету канааттандырарлык деп табылсын. Маалымат эске алынсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А. Садырова сүйлөдү:** –

“Урматтуу кесиптештер экинчи маселе боюнча Билим берүү сапатынын ички өзүн-өзү баалоо системасынын эффективдүүлүгү жана аны жогорулатуу жолдору каралат.

Алгач бул маселе боюнча алгылыктуу үч иш чара жолго коюлуп келе жатат.

1. Ар бир бөлүмдүн ишмердүүлүгүн баалоо үчүн ички комиссия түзүлүп өз ишин алып барды. Бардык бөлүмдөрдүн номенклатурасы боюнча документтеринин болушу каралды. Эл аралык бөлүм жана маалыматтык бөлүмдүн иш кагаздары толукталсын деп эскертилди. Калган бөлүмдөрдүн иш кагаздары толук денгээлде болгондугу аныкталды.
2. Студенттерден 4 түрдүү сурамжылоо жүргүзүлүп анализи чыгарылып жатат. Алар:
    1. 1-курстар үчүн “Биринчи курстардын окуу процессине калыптанышы”. Бул сурамжылоого 45 студент катышты. Сурамжылоо 10 суроодон турду.

2. 2-5-курстардын студенттерине “Окуудан тышкары убакыттын уюштурулушуна жана жатаканадагы жашоо шарттарынын сапатына студенттердин канаттануусу» деген темада сурамжылоо жүргүзүлдү.
3. Ошондой эле 2-5-курстардын студенттерине “Мугалим студенттин көзү менен” аталышындагы сурамжылоо жүргүзүлдү.
4. Бардык курстун студенттери үчүн “Окуу процессинин уюштурулуш сапатына, билим берүүнүн педагогикалык методикасына студенттердин канааттануусу” денен аталыштагы сурамжылоо жүргүзүлдү.

3. Профессордук окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу боюнча иштер жүрүп жатат. Учурда Эднет агенттиги жана Ош мамлекеттик университетинин окутуучулардын квалификациясын жогорулатууга жооптуу болгон кызматкерлери менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Эң биринчи кезекте педагогикалык стажы жок болгон окутуучулар педагогика жана психология боюнча курстардан өтүшөт, андан кийин профессионалдык компетенциясын жогорулатуу боюнча курстарга катышышат.”

Токтом долбоору

1. Билим берүү сапатынын ички өзүн-өзү баалоо системасынын эффективдүүлүгү жана аны жогорулатуу жолдору жөнүндөгү маалымат эске алынсын;
2. Жүргүзүлгөн иш чаралардын анализинин негизинде сапат кепилдик системасын күчөтүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**3-маселе боюнча ректор М.Р.Нарбаев баяндама жасады.** – “Урматтуу кесиптештер, университеттин академиялык репутациясын жогорулатуу жөнүндө өткөн окумуштуулар кеңешинде да кеңири толтолгонмун. Азыр дагы бир топ маселерди айтып кетейин:
Университет жаңы ачылып иштегенине 7 ай болсо дагы бир топ алгылыктуу иштерди жасаганы жетиштик. Ага карабай мындан дагы өнүгүү үчүн алдыбызда бир нече жумуштарыбыз турат. Атап айтсам:

1. Окуу пландарын модернизациялообуз керек. Себеби жыл сайын өзгөртпөй орусча айтканда “гибкий” формада жасап иштешибиз керек.
2. Жогорку квалификациялуу окутуучуларды тартуу, колдоону күчөтүү. Айта кетсем азыркы мезгилде Жалал-Абад шаарындагы окуу жайлардын ичинен айлык маянасы эң жогорку окуу жай бизбиз, окутуучуларга стимул берүү жакшы жолго коюлган. Ошентсе да бул иштерди улантуубуз керек.
3. Илимий ишмердүүлүктү күчөтүү абзел. Ал үчүн окутуучулар жана студенттердин арасында илимий коомчулукту уюштуруу болуп саналат. Буйруса илимий журналыбыз жакшы башталып, биринчи саны чыгуу астында турат. Бул маселе боюнча алгылыктуу иштер жүрүп жатат.
4. Студенттердин советин түзүү жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн уюштуруп, жолго коюу үстүндө бир топ иштерди аткарышыбыз керек.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Университеттин академиялык репутацияны жогорулатуу боюнча иштер күчөтүлсүн. Ректордун маалыматы эске алынсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**4. Ар түрдүү маселелер:**

**4.1. «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналынын редакциялык курамын бекитүү боюнча илим, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор З.А.Асилова сөз сүйлөдү:** – "Баарыныздарга маалым болгондой университеттин «Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» аталышындагы илимий журналын ачканбыз. Бул баскычты басып өткөндөн кийин биз журналдын багыттарын аныктадык, андан кийин ар бир багыт боюнча редколлегиянын мүчөлөрүн топтодук. Редколлегиялык мүчөлүккө илимий даражалуу, эл аралык Scopus базасында макалаларды жарыялаган белгилүү окумуштууларды тартууга аракет жасадык.

Журналдын сайты эл аралык денгээлде болгондуктан орус жана англис тилдеринде жүргүзүлөт.

Башкы редактор:
Нарбаев М.Р. физ.-мат. илим. канд., доц.

Башкы редактордун орун басары:
Дипак Чаулагаин медицинанын PhD д-ру

Жооптуу катчы:
Асилова З.А. тех. илим. канд., доц.

Редакциялык коллегия:
Арынбаев Ж.Т. экон. илим. д-ру
Ганиева Ш.Ш. мед. илим. канд, Бухара, Өзбекстан
Кадыралиева Г. А. тех. илим. канд.
Калматов Р.К. мед. илим. д-ру, проф.
Канетова Д.Э. физ.-мат. илим. канд.
Карбекова А.Б. экон. илим. д-ру, проф.
Маткеримова А.М. экон. илим. д-ру, проф.
Мухаммад Ш Ш медицинанын PhD д-ру
Наврузова Ш. И. мед. илим. д-ру, проф., Бухара, Өзбекстан
Орозбекова Б.Т. мед. илим. д-ру, проф
Садырова Н.А. мед. илим. канд.
Сакибаев К.Ш. мед. илим. канд, доц.
Самиева Ж.Т. биол. илим. док-ру, проф.
Темиров Н. М. мед. илим. канд, доц.
Шила Ачария магистр
Эгембердиева А. Д. биол. илим. канд., доц.

Бул курам дагы толукталышы мүмкүн келечекте чет элдик эксперттер да кошулат. Ушул курамды бекитип берүүңүздөрдү суранам."

Токтом долбоору:

«Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналынын жогоруда аты аталган редакциялык курамы бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**4.2 Эмеректерди жана орг техниканы сатып алуу тууралуу.**

Административдик чарба иштери боюнча проректор Торокулов Э.Ш. маалымат берди. Өз сөзүндө ал эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнө эмеректер жана орг техника, ошондой эле окутуучулар каанасына оргтехника, химия лабораториясына жана университетибиздин клиникасына медициналык эмеректер жана жабдуулар сатып алынып жатканын билдирди. Андан сырткары ушул аталган сатып алуулар боюнча тиешелүү ишканалар менен келишимдер түзүлгөндүгүн жана ошол келишимдердин негизинде тиешелүү акча каражатын университеттин эсебинен бөлүп берүүсүн белгилеп кетти.

Токтом долбоору

1. Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнө эмеректерди жана орг техникаларды, лабораторияларга жана университеттин клиникасына медициналык эмеректерди сатып алуу үчүн университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн;
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**4.3 маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү:** – “КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 20.03.2025-жылкы № 308/1 “КРнын жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринде англис тилин окутуу борборлорун ачуу” жөнүндөгү буйругунун негизинде окутуучулардын чет тилин билүү деңгээлин жогорулатуу талабы министрлик тарабынан коюулуп жатат. Ошондуктан эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн алдында «Verbal Voyage» аталышындагы англис тилин үйрөнүү борборун ачуу жана ал борбордо “Talking club” уюштурууну ушул жыйында карап бекитип берүүнүздөрдү суранам. Андан сырткары профессордук-окутуучулук курамдын англис тилин билүү деңгээлин тастыктоочу документтеринин болуусу да шарт, ошол үчүн тиешелүү экзамендерден өтүп сертификаттарды алышыбыз керек, бул Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан да коюулган талап. Бул багытта Бишкек шаарындагы “Авенир” билим берүү комплексинин жетекчилиги менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Азыркы учурда келишим түзүү алдында турабыз. Ал окуу комплекси TOEFL боюнча сынак тесттерин уюштуруу укугуна ээ экен. Ушул сынак тесттерин уюштуруу үчүн акча каражатын бөлүп берүүнү суранам.”

Келип түшкөн сунуштардын негизинде бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды.

**Токтом долбоору**

1. Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүндө «Verbal Voyage» аталышындагы англис тилин үйрөтүүчү борбор ачылсын;
2. Коомдук башталышта борбордун жетекчиси болуп Үкүбаева Акылай Нармаматовна дайындалсын;
3. Жооптуулар тарабынан борбордун жобосу жана иш планы иштелип чыгылсын;
4. Англис тили борборунда англис тилин алып жүрүүчү чет өлкөлүк ыктыярчыларды тартуу менен Talking Club уюштурулсун;
5. Профессордук-окутуучулук курамдын жана кызматкерлердин TOEFL боюнча сынак тесттерин тапшыруусу үчүн акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешине сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

**Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:**

**Чечим:**

1. 2024-2025-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысынын отчету канааттандырарлык деп табылсын. Маалымат эске алынсын.
2. а) Билим берүү сапатынын ички өзүн-өзү баалоо системасынын эффективдүүлүгү жана аны жогорулатуу жолдору жөнүндөгү маалымат эске алынсын;
   б) Жүргүзүлгөн иш чаралардын анализинин негизинде сапат кепилдик системасын күчөтүү боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.
3. Университеттин академиялык репутацияны жогорулатуу боюнча иштер күчөтүлсүн. Ректордун маалыматы эске алынсын.
4. Ар түрдүү маселелер:

4.1.«Илимий жана мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн Евразиялык журналы» илимий журналынын редакциялык курамы төмөнкү курамда бекитилсин.

Башкы редактор:

| | |
|---|---|
| Нарбаев М.Р. | физ.-мат. илим. канд., доц. |

Башкы редактордун орун басары:

| | |
|---|---|
| Дипак Чаулагаин | медицинанын PhD д-ру |

Жооптуу катчы:

| | |
|---|---|
| Асилова З.А. | тех. илим. канд., доц. |

Редакциялык коллегия:

| | |
|---|---|
| Арынбаев Ж.Т. | экон. илим. д-ру |
| Ганиева Ш.Ш. | мед. илим. канд, Бухара, Өзбекстан |
| Кадыралиева Г. А. | тех. илим. канд. |
| Канетова Д.Э. | физ.-мат. илим. канд. |
| Карбекова А.Б. | экон. илим. д-ру, проф. |
| Маткеримова А.М. | экон. илим. д-ру, проф. |
| Мухаммад Ш Ш | медицинанын PhD д-ру |
| Наврузова Ш. И. | мед. илим. д-ру, проф., Бухара, Өзбекстан |
| Орозбекова Б.Т. | мед. илим. д-ру, проф |
| Садырова Н.А. | мед. илим. канд. |
| Сакибаев К.Ш. | мед. илим. канд, доц. |
| Самиева Ж.Т. | биол. илим. док-ру, проф. |
| Темиров Н. М. | мед. илим. канд, доц. |
| Шила Ачария | магистр |
| Эгембердиева А. Д. | биол. илим. канд., доц. |

4.2. а) Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнө эмеректерди жана орг техникаларды, лабораторияларга жана университеттин клиникасына медициналык эмеректерди сатып алуу үчүн университеттин эсебинен акча каражаты бөлүнсүн;
б) Бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешине сунушталсын.

4.3. а) Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүндө «Verbal Voyage» аталышындагы англис тилин үйрөтүүчү борбор ачылсын;

б) Коомдук башталышта борбордун жетекчиси болуп Үкүбаева Акылай Нармаматовна дайындалсын;

в) Жооптуулар тарабынан борбордун жобосу жана иш планы иштелип чыгылсын;

г) Англис тили борборунда англис тилин алып жүрүүчү чет өлкөлүк ыктыярчыларды тартуу менен Talking Club уюштурулсун;

д) Профессордук-окутуучулук курамдын жана кызматкерлердин TOEFL боюнча сынак тесттерин тапшыруусу үчүн акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөр жана камкордук кеңешине сунушталсын.

**Көчүрмөсү анык**
ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.